14-октябрь, 2021-жыл
e-mail: miratt78@mail.ru



# Эмне үчүн «Тагай бий»

Санжырага сүйөк жасаган, өзүнөн өйдө, артка санаган кыргыз 15-19 муун ата тек менен так-таасын Тагай бийге барып такалат. Андан аркысы кишинин аттарынын тизмеси болгон менен, - күмөн, туман. Катарыбыздагы казактын улуу жүзү - үйшүн, орто жүзү - аргын,

«Тагай бий» (тагайлардын бийи жана жалпы кыргыздардын да бийи) болуп, сырткы тайпаларга тааныла баштаган. Анжыяндык кыргыз болгондуктан, «кыргыз» атагын да жоготкон эмес (тагай жана ашык (асык) тайпалары Чыңгыш хандын учурунда эле болгон, алар Чыңгыштан энчиге жер алган!..).

Оң менен солго бөлгөн Мамбет аке деген экен деп Кытайдын Кызыл Суу жергесиндеги Үсөйүн ажы (1916-жылы төрөлгөн) учуктайт. Бул кайрадан ажырымдап түзүлүү ошо 1522-1527-жылдары жүргөн көрүнөт!

Кыргыздын бир бөлүгүнүн Анжыян тоолорунан Түндүк Кыргызстанга ошентип ооп келиши - 1472-1475-жылдары ченде болушу ыктымал.

Йунус хан 1415-жылы Ысык-Көлдө төрөлгөн. Кийин 1487-жылы 74 жашында көз жумган. Анын атасы Абаз хан 1428-жылы Ысык-Көлдүн Бака-Булуң деген жеринде бир жолку чабыш учурунда кай-кабад деген уруунун мергенчисинин чыккынчылык огунан (жаа огунан) өлгөн. (Эмир Сарбуга кыпчактын Нураддин (Шайх Нураддин) деген уулунун Давлет-султан саканж деген кызын Абаз хан алган, андан Эсенни бар. (Сайфаддин Аксыкентиде эгиз эмес болуп көрсөтүлөт). (Абаз хандын карындашы Мактым 1422-жылы Иледеги кыргыз башчысына токол болуп баргандында төрөгөн эгиз уул - Акташ, Кугташ (жана андан кийин төрөгөн аты белгисиз кыз да болгон, аты белгисиз ошол кызын Алабукадагы Кадырберди дуглат алганын Мухаммед-Хайдар эскерсе, Кара Огулдун кызын Көкө баатыр алган деп Сайфаддин Аксыкенти жазат. Дагы бир жеринде Ынак төрө Баймурат чериктин Ахмад бек, Мухаммед бек (Көкбука) деген уулдары болуп, кийинкисинен «кув сөөк» тукуму таркаарын, андан Сейитказы деген көрүнүктүүсү чыгаарын да жазат) менен да салыштырып көрсө болот. Булардын азандагы экинчи аттары - Ибрахим оң, Илйас оң. Оң - күн батыш тараптагы аскердик фланганы билдирсе керек?..).

Эмне себептен ысымдары - Долон бий, Агуул, Тагай?.. Жети тайпа бирикмесинин жеке башчысын - Долон бий (долоон - «жети», далан - «жетимиш») дешкендир?.. Чокон Валиханов (1835-1865) Кашкарга жакын Маралбашы, Барчук чөлкөмдөрүндө Үч Долон деген тайпа болоорун эскерсе, Мухаммед-Хайдар (1499-1551) Моголстанда «долан» деген тукуму, урук-жуураты да ошондой атакты колдонушканын Мухаммед-Хайдар өзү бышыктайт!

Бул "догла" (дугла) сөзүнүн төркүнү байыркы түрк каганатындагы «дулу" жана "нушиби" жааттарынын аталыштарын эске салат.

Анжыян тоолорундагы (селжукид султан Санжар (1157-жылы өлгөн) учурунда Румдан (Түркиядан) келген делген) кыргыздар Отуз Оглан тутумуна кирген болсо, Сайфаддин Аксыкенти Ак Огландан Отуз Оглан менен Салус бек булганчы деп көрсөтөт. Отуз Огландан Адигине, Муңгуш, Карабагыш, Тагай, Салус бек булганчынын тобундагылар - бостон, тейит, чүкүк жоокесек, дөөлөс, каңды, кыдыршаа деп белгилеген. Солду Кара Огландан таратат. Ак Оглан менен Кара Огланды эгиз деп көрсөтпөйт. Аналхактан (Ынал?..) Отуз Огланга жете 21 муунду санаган!..

Демек, бул жагынан караганда, «Тагай» - Мухаммед кыргыздын коштомо аты, Долон бий - доглатты башкаргандардын бири. Ак Оглан аталыш - күн батыштан келген принц. Куг (Кув) Оглан - күн чыгыш жактын (фланганын) принци. (Оглан, же улан - принц мааниде. «ынал» титулу менен си-

# аталган?..

нунан. Улуу жүздөгү чапыраштты, ышты, очокту жана албан, субан, дуулат дал ушул Тагай бий учуру менен тушташ тайпа башаттар. Муну муундарды параллель түрдө саноо аркылуу түшүнсө болот.

Эмне үчүн «Тагай» аталган? Эмне үчүн «биттүү Тагай»?.. Ошол, биз Тагай деп жаткан белгилүү адамдын туштугунда Ысык-Көлдүн күңгөйүн кандылар, анын ичинде бекичик тутуму, тескей бетин тагай тайпасынын көнчү (сагрычы) бутагы ээлеп турат. Тарыхый маалыматтар ушуну айтат. Бул тагай тайпасы атактуу Бабур (1483-1530) менен белгилүү Мухаммед-Хайдардын (1499-1551) көздөй таякелери саналат. Себеби, Ысык Көлдүн тескейиндеги Пир-Хажи (Шеркожо) көнчү деген эмирдин, же ошол аймактын бийинин (бегинин) Эсендавлет бегим деген кызына Йунус хан үйлөнүп, андан Мехри-нигар, Кутлуг-нигар, Хуб-нигар деген үч кыз төрөлүп, ортончусунан Бабур, кичүүсүнөн Мухаммед-Хайдар төрөлөт. Ушул себептен экөөнүн таякелери - тагай тайпа.

Көпчүлүк изилдөөчүлөр тарыхтагы Мухаммед кыргызды санжырадагы окуяларына карап, Тагай бий менен окшоштурушат. Йунустун Ахмадынын (Алаша хан) уулу Сейит хан (1486-1533-ж. 9-июль) 1522-жылы мырза Али тагайды улук бий (эмир алумара), Мухаммед кыргызды жалпы кыргыздын бийи (мансаби амарати киргиз гарданида) кылганында (ал 1514-1517-жылдары деле бий эле), экөө биргелеше ошол чөлкөмдөрдөгү кыргыз урууларын жана тагай уруктарын Сейит хандын «служанкасынан» төрөлгөн уулу Киреше хандын (1509-1560-жылдары жашап, 1533-1560-жылдары ата ордуна хан болгон) алдына топтошот.

1517-1522-жылдары ичинде, беш жыл бою Мухаммед кыргыз мурдагы ордо калаа Яркендде эмес, жаңы ордо калаа Кашкарда "ак үйлүү» («заложник») жатып, кийин эл оозунда «биттүү Тагай» аталып да кетет. (1514-жылы июнь айында Кашкар менен Яркенди 48 жыл бою жеке бийлеп келген Абакир дуглаттан Сейит хандын тартып алуусунда Сейит ханга ушул Мухаммед кыргыз кошууну менен келип чоң жардам кылып, маанилүү сыйлыктарга татыган ).

Эмне үчүн мырза Али тагайдын жанында «Мухаммед кыргыз» делген? Эмнеге кийин бул киши «Тагай бий» аталып кетет?.. Себеби, биринчиден, Анжыян тоолорунда «ат түгүндөй адигине» жаатын калтырып, Ысык-Көл, Кочкор-Жумгалды беттеп «тай түгүндөй тагайдын» (тагай тобунун үстүнө!) бөлүнүп келишинде, экинчиден, жергиликтүү тагай ичине коңшулаша, аралаша келгендиктен жана ошол чөлкөмдөрдөгү тагай тайпаларын Сейит хандын баласы Киреше хандын атынан 1522-жылдан башкарууга өткөндүктөн, үчүнчүдөн, Али тагайдын (Али шейх) туусунун астына курама журт жыйгандыктан бука хан менен Йунус хан). Йунус ошондо 13 жашта жетим калып, тентип жүрүп жетилип, 41 жашында 1455-жылы Моголистанга хан болот. Анын Эсендавлет бегим деген аялынан ошого чейин эле үч кызы төрөлгөн. Кийинки аялы Шах-бегимден эки кыз жана эки эркек болгон. Эркектин бири - Махмуд (1463-1509), бири - Ахмад (Алаша хан - 1464-1504).

Иледен бери өтүп келип, Ташкентке жете талап-тоноп, малмүлктү, баш ийип берген тайпаларды 1470-1472-жылдары айдап кеткен Амасанжилерден соң анжыян кыргыздарынан бөлүнүп, бул бошой түшкөн аймакка Мухаммед кыргыздын аталары (мүмкүн, Сарыча, же Чамас бий?..) көчүп келиш ыктымалдыгы бар?.. Жанагы талоончу келгиндерден бөлүнүп, андагы кыргыздардын бир бөлүгү Иле тарапка кайра кетпей, калып калыш мүмкүндүгүн В.В.Бартольд да белгилеп өтөт.

Санжыралардын басымдуу көпчүлүгүндө Тагай бийдин атасын -Агуул , чоң атасын - Долон бий, анын атасын Домбул бий деп белгилешет. Долон бийдин бир аялынан Кызыл Уул (Кыпчак?), андан Дөөлөс (Төөлөс) дешсе, экинчи бир аялынан эгиз туулган Агуул менен Кубул (Кув уул) дегетайпа болгонун жазган. «Долон» - жекелик түрү болсо, «доглат» (дуглат) - көптүк, жамдама түрү дешке болот. Санжырачылар Долон бийди («Дуулан» делип да кетет) Чыңгыш хандын (1162-1227) маалында жашагандай кылып айтышат. Буга караганда, дуглат бийи - Доолан бий делип кетиши ыктымал («эмир» - бий мааниге тете). Мухаммед кыргыз (же анын атасы Сарыча бий, мүмкүн, Чамас бий?..) тагай жааты менен кошо дуглат жаатынын бир бөлүгүн да башкарып калгандыктан ушундай аталышы да ыктымал?.. Себеби, ошол гана официалдуу (1522-жылы!) ушундай (эмир, шейх) даража алган. Болбосо, Карач хан (1365-1390-жылдары Моголистан ханы!), же Жумгал өрөөнүнөн Ысык-Көлдүн Сан Таш аймагына жете өкүмү өткөн анын уулу Жаанша (Жангарач -1425-жылдан кийин көзү өткөн) да дуглат тайпаларынын көздөй өкүмдары болгондуктан "Доглан бий" (Доглат бий) аталышы мүмкүн?.. Бул аталыштын төркүнү "звание» (даража, чин) экенин, ал чинди алгач Тулак (Төлөк) дегенге, анан анын иниси Буладжиге (1361-жылы өлгөн), анан анын баласы Худайдадга (1349-1446-ж.жашайт) берилгенин, улусбегилер ушундай наам ("звание») менен да аталышканын, алардын ноним. Махмуд Кашкалдырыкта энеси ак сөөк, хан тукуму, атасы букара калктын (кара йанчук, же карачу) өкүлү - "ынал» делет). Тоглук-Темир хандын бир уулу Хизр-хожа ханды 1389-жылы хандык тактыга көтөргөндөрдүн бири Ынак төрө (Баймурат черик) болуп Сайфаддин Аксыкентиде көрсөтүлөт. Негизи, аны жана анын үч баласын (Шам-и Жахан хан- 1399-1408-ж. хан, Мухаммед хан – 1408-1416-ж. хан, Накш-и Жахан хан - 1416-1418-ж.хан), андан соң Мухаммед хандын бир уулу Шер-Мухаммед ханды, андан соң дагы бир уулу Шер-Алинин баласы Аваз ханды (1418-1421-ж. жана 1425-1428-ж. хан) Аксуда хандык тактыга чыгарткан Худайдад дуглат (1349-1446-ж.жашаган) болгон. (Сайфаддин Аксыкентинин жазганы боюнча - (1397-жылы!) Худайдаддын бир кызы Кичик ханымды (токол ханым), Ынак төрөнүн атасынын иниси Хажи бек моголдун бир кызы Чолпон-мүлктү (могол ханым) 1389-жылы Аксак Темир (1336-1405) өзүнүн 12-аялы кылып алганы айтылат.

**Кабылбек ЖУМАБАЕВ,**
**КРнын УИАсынын**
**Ч.Айтматов атындагы**
**Тил жана адабият**
**институтунун аспиранты.**